**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Абдыбекова Нурмира Абдыбековнанын «Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациялык иши боюнча расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

## 1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Абдыбекова Нурмира Абдыбековна тарабынан даярдалып сунушталган **«Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы педагогика илиминин азыркы учурдагы эң маанилүү жана актуалдуу суроолорунан болгон билим берүүнүн жана сапаттуу дене тарбия адистерин даярдоонун заманбап илимий педагогикалык шарттарын, жолдорун, программаларын изилдөөгө, көйгөйлүү маселелерин иштеп чыгууга жана чечүүгө арналган.

Бүгүнкү күндө атайын адистештирилген жогорку окуу жайларынын бөлүмдөрүндө жана университеттердин факультеттеринде болочок дене тарбия адистерин даярдоого багытталган билим берүү сабактары, аудиториядан тышкаркы окуу-тарбия берүү иш чаралары, тилекке каршы, кесиптик даярдоонун эффективдүү педагогикалык шарттарын, предмет аралык байланыштарын түзүүнүн негизинде жүргүзүлбөстөн жана студенттердин келечектеги адистигине байланыштырып өткөрүлбөстөн эски, салтташтырылып калган, заманбап талаптарга толук жооп бере албаган ыкмалар жана жолдор менен берилип келе жатат. Ушул себептен дене тарбия адистеринин англис тили боюнча билимдери жана кеп ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүнүн деңгээли төмөн болуп, алардын кесиптик ишмердигинде, өзгөчө эл аралык мелдештерде жана байланыштарда кошумча тоскоолдуктарды, жолтоолорду жаратып, адистердин мүмкүнчүлүктөрүн кескин төмөндөтүүдө. Мындай абал гуманитардык дисциплиналардын ичинен англис тили сабагын окутууда да орун алып келүүдө. Ушул себептен каралып жаткан диссертациялык ишти билим берүүнүн жана дене тарбия адистерин даярдоонун сапаттуулугун жогорулатууга багытталган актуалдуу темага арналган десек туура болот.

Диссертант, жалпы педагогика илимине, дене тарбиянын теориясына, методикасына жана англис тилин окутууга байланыштуу документалдык материалдарды, илимий-методикалык адабияттарды жана чет тилдерди окутуу сабактарынын методикаларын, спорттук тажрыйбаларды дыкаат жана туура иликтеп, англис тилин окутуп үйрөтүүдө орун алып келе жаткан карама-

каршылыктарды эске алуу менен өзүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий актуалдуулугун туура белгилей алган.

## 2. Диссертациянын илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштарынын негизделиш даражасы

Диссертациялык иште дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тили сабагында алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары, жагдайлары, модели, кесипке негизделген көнүгүүлөр системасы жана спорт адистигине багыттап окутуунун жаңы технологиясы изилденген.

Диссертациялык иштин илимий мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортунун илимий изилдөө багыттарынын талаптарына жана жоболоруна дал келет.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий максаты, милдеттери жана изилдөө методдору дене тарбия багытында окуп, келечекте сабаттуу мугалим жана машыктыруучу болууну каалаган студенттердин англис тили сабагында кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын илимий-теориялык жактан изилдөөгө, пайдалуулуктарын аныктоого, кеп маданиятын өнүктүрүүнүн жаңы технологиясын иштеп чыгууга көздөлүп, алардын илимий мазмунун негиздөөгө жана алынган жоболордун, жыйынтыктардын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент аркылуу тастыктоого багытталган.

Диссертациялык изденүүнүн жыйынтыгында жаңы илимий натыйжалар алынган. Алар дене тарбия жана спорт педагогикалык жогорку окуу жайларынын окуу процессин илимий-методикалык жактан өркүндөтүүгө, ошону менен катар дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тили боюнча кеп ишмерүүлүгүн калыптандырууга, жалпы социалдык компетенттүүлгүн жогорулатууга багытталаган төмөндөгүдөй натыйжалар алынган:

**1 - натыйжа:** Жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттеринин чет тилдери боюнча билимин терендетүүгө, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин жогорулатууга байланыштуу педагогикалык, филологиялык психо-физиологиялык илимий булактары ар тараптан дыкаат изилденип жана талдоого алынып, дене тарбия адиси багытында окуган студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери аныкталган. Бул натыйжанын негизин диссертанттын жетиштүү деңгээлде илимий-теориялык жана илимий-методикалык булактарды, билим берүү тармагына байланыштуу мамлекеттик нормативдик документтерди, көптөгөн педагогикалык тажрыйбаларды изилдегендиги жана өзүнүн көп жылдык окутуучулук тажрыйбасынын жыйынтыктары бергендиги ынанымдуу далилденген.

**2 - натыйжа:** Дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык **беш** натыйжалуу шарттары аныкталган жана аларды колдонуунун, уюштуруунун жол-жоболору жана методологиясы иштелип чыккан. Белгилей кетүүчү

жагдай - бул алды менен диссерттант тарабынан изилдөөнүн максатына жана милдеттерине карай окуу процессинин практикасынын айрым учурларында колдонулуп жүргөн, бирок илимий түрдө бир багыттуу изилденбеген педагогикалык он бир шарттарына талдоо жүргүзүү менен, алардын ичинен эң рационалдуу жана пайдалуу беш педагогикалык шартты аныктап алышы. Бул натыйжанын баалулугу жана мазмуну Бишкек шаарындагы жогорку педагогикалык окуу жайларда жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жана педагогикалык байкоолордун, атайын темадагы ацгемелешүүлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде аныкталган.

**3 - натыйжа**: Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы, коммуникативдүүлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча көнүгүүлөр системасын камтыган методикалык окуу куралы иштелип чыккан. Бул натыйжанын негизин «Дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде сүйлөө кебин өстүрүү» аталышындагы методикалык эмгеги жана студенттерге англис тили боюнча кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган **15** коммуникативдүү көнүгүүлөрдөн турган системасы, ошондой эле англис тили сабагында кесипке багыттап окутуунун технологиясы жана илимий жактан негизделген методикалык сунуштары, иштелмелери түзгөн. Бул жыйынтыктын баалулугун, окуу процессине киргизилгендигин далилдеген жана тастыктаган расмий документ - илимий-педагогикалык натыйжалардын практикада колдонулгандыгынын **"ишке киргизүү актысы"** күбөлөндүрүп турат.

**4 - натыйжа:** Болочок дене тарбия адистеринин англис тили сабагында алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун пайдалуу педагогикалык шарттарын, уюштуруу жолдорун жана натыйжалуу технологиясын колдонуу менен студенттердин кесиптик жактан сапаттуу даярдалышы. Тактап айтканда, дене тарбия багытында окуган студенттердин кесиптик жактан сапаттуу даярдоого, англис тили боюнча алардын кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн калыптандыруудагы колдонулган педагогикалык шарттардын, технологиялардын эффективдүүлүгү атайын уюштурулган педагогикалык процессте текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттер аркылуу изилденип, пайдалуулугу экспериментталдык жана көзөмөлдүк группалардын жыйынтыктарын салыштыруу менен далилденген. Изилдөөнүн жыйынтыктарын ар кандай деңгээлдеги республикалык жана эл аралык жыйындарда, конференцияларда, тегерек столдордо, англис тили мугалимдеринин ассоциациясынын FORUM семинарларында; студенттер арасындагы олимпиадаларда талкууланып жактырылган жана макала түрүндө тиешелүү басылмаларда жарыяланып жарык көргөн.

### 3. Диссертациянын илимий жана практикалык маанилүүлүгү

Диссертациянын илимий жана практикалык маанилүүлүгү - бул илимий эмгектин Кыргыз билим берүү жана дене тарбия системасынын теориясы менен практикасын жаңы илимий жоболор менен толукташында жана сабаттуу дене тарбия адистерин даярдоодо студенттердин англис тили боюнча кеп ишмерүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык эффективдүү шарттарынын жана көнүгүүлөр системасынын иштелип чыгышында. Анткени, дене тарбия адиси болууну багыттап окуган студенттердин англис тили сабагында алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууну көздөгөн, болочок дене тарбия мугалимдеринин чет тили сабагын өзүлөрүнүн тандап алган спорт түрлөрүнүн практикасы жана куралдары, өзгөчөлүктөрү менен байланыштырып окутуунун жана кеп маданиятынын төрт түрүнөн тең бирдей деңгээлде калыптандыруунун педагогикалык шарттары бул диссертациялык иште алгачкы ирээт иштелип чыккан. Дагы бир баса белгилей кете турган нерсе, бул илимий иштин мамлекеттик тилде изилденип даярдалышы жана педагогикалык процесске практикалык түрдө киргизилиши.

Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештигине кирген республикаларда, айрыкча Россия жана Белоруссияда чет тили сабактарын орто, атайын орто жана жогорку окуу жайларында чет тилдерин окутунун методикалары, технологиялары жана педагогикалык шарттары боюнча бир канча илимий диссертациялар даярдалган. Алсак, РФ-Т.С.Бочкарева, Г.С.Кочмина, Л.В.Гарибова, Э.В.Масалкова, А.С.Беляева, Л.Ф.Зуева, М.Ю.Удалова, В.В.Купцова ж.б. окумуштуулар тарабынан мектеп окуучуларынын, жогорку окуу жайлардын студенттеринин англис жана башка чет тилдери боюнча кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга, өркүндөтүүгө багытталган илимий изилдөө иштери жүргүзүлүп, алардын эмгектери жарык көргөн. Бирок, бул илимий эмгектердин максаттары жана милдеттери башка нукта болуп, дене тарбия адистерин даярдоого байланыштырылбай аткарылган. Ал эми дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тили боюнча кеп ишмердүүлүгүн алардын тандап алган спорт түрүнө байланыштырып калыптандыруунун педагогикалык шарттары, окутуунун технологиясы, модели жана практикалык жолдору жөнүндө илимий эмгек мамлекеттик тилде, биздин оюубузча, алгачкы ирээт аткарылып жатат.

### 4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар

Диссертациялык иштин жыйынтыктары жана натыйжалары диссертант тарабынан илимий макалалар жана билдирүүлөр, методикалык куралдар жана сунуштар, 15 коммуникативдик көнүгүүлөр системасы катары иштелип чыгарылып жана **"Дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде сүйлөө кебин өстүрүү"**деген аталыштагы методикалык китеби, жалпы жонунан **32-ден** ашык илимий жана илимий - методикалык эмгектерде жарык көргөн. Диссертациянын жыйынтыктары жана натыйжалары Турция

Республикасында, Индия, Россия, Япония жана Казакстанда өткөрүлгөн илимий конференцияларда, симпозиумдарда жана форумдарда билдирилип, алардын материалдарында жарыяланган.

Диссертациялык иштин жыйынтыктарын жана натыйжаларын дене тарбия багытында окуган студенттердин эле окуу, машыгуу сабактарында колдонбостон башка адистике даярдап жаткан окуу жайлардын чет тилдерине окутуу педагогикалык процесстеринде да үзүрлүү колдонсо болот. Өзгөчө, изилдөөнүн натыйжасы катары иштелип чыккан: студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатындагы коммуникативдик мейкиндикти оптимизациялоо, билим алуу борборун уюштуруу; дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга байланыштуу билим алуу мотивациясын камсыз кылуу, кесипке багыттап окутуунун интерактивдүү методдорун кеңири колдонуу жолдорун; англис тилинде кеп ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун арттыру максатында окуу процесстеринде "Google classroom" технологиясын колдонуу; англис тилинде кеп ишмердүүлуктү калыптандыруунун негизги педагогикалык шарты катары студенттердин эне тилиндеги, англис жана орус тилиндеги этнопедагогикалык жана этноспорттук каражаттардын системасын; жалпы окуу-тарбия процессинде предмет аралык байланышты камсыз кылуу, интеграцияланган сабактарды уюштуруу боюнча иштелип жана эксперименталдык жолдо текшерилип далилденген сунуштары билим берүү системасынын ар түрдүү тармактарында, багыттарында, ал эми коммуникативдик көнүгүүлөр системасын жана аларды даярдоо принциптерин кесиптик атайын орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын окутуучуларынын билимин өркүндөтүү институттарында, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында, ошондой эле ар бир адистикке багытталган көнүгүүлөр жыйнактарын түзүүдө да кеңири колдонсо болот.

### 5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши

Изденүүчү Н.А. Абдыбекованын илимий диссертациясынын авторефератынын негизги жоболору жана бөлүкчөлөрүнүн маалыматтарынын мазмуну диссертациянын мазмунуна толук дал келет. Авторефератта диссертациянын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелери бирдей жазылган. Негизинен автореферattын мазмуну, илимий жоболору жана илимий жыйынтыктардын берилиши авторефератка коюлуучу талаптарга толук жооп береала турган деңгээлде даярдалган. Бирок, тилеке каршы, автореферattын кыргызча жана орусча резюмесиндеги изилдөө методдору берилген жерде бир аз айырмачылыктарга жана кайталоолорго жол берилип калган.

6. **Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта орун алган мүчүлүштүктөр**

Диссертациялык иш, негизинен, көздөгөн максатын жана алынган милдеттемелерин так жана жетиштүү деңгээлде аткарууга жана чечүүгө багытталып, талап кылынган изилдөө методдорун туура колдонуу менен даярдалган. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта айрым кемчиликтерге жана мүчүлуштүктөргө жол берилип калган. Алсак:

1. Диссертанттын дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын тандап бөлүп алууда (5 шартты), аларды кантип жана эмне баалулуктардын негизинде, кандай принциптерди же болбосо объективдүү критерийлерди колдонуу менен тандап алганы так жана даана болбой, үстүртөн болуп калган. Эгерде, педагогикалык шарттарды аныктоодо, сандуу жыйынтыктарды берүүчү критерийлер колдонулуп, алардын ишенимдүүлүгү рангдаштыруу жолу менен аныкталса, биздин оюбузча илимий иштин баалулугу мындан дагы жогору болот эле.

2. Авторефераттын 9-бетинде: Кеп ишмердүүлүгү теориясында айтымдын жаралышы төрт тепкичке бөлүнөт - деп белгиленип, тексте үчөө гана көрсөтүлгөн, т.а. төртүнчүсү берилбей калган.

3. Авторефераттын кыргызча жана орусча резюмелеринде изилдөө методдору сурамжылоо, ацгемелешүү, анкета жүргүзүү, интервью алуу деп кайталанып калган. Бул жерде сурамжылоо методу деп берүү эле жетиштүү болмок, анткени калган ыкмалар сурамжылоо методунун ичине кирет, моделдештирүү изилдөө методунун колдонулушу тексте берилгени менен резюмелерде көрсөтүлбөй калган, ошондой эле диссертациялык изилдөөдө колдонулган документалдык материалдарды иликтеп талдоо методу резюмеде көрсөтүлбөй калган.

4. Диссертациянын текстинин айрым жерлеринде орфографиялык жана стилистикалык каталарга, сүйлөмдөрдүн туура эмес түзүүлүшүнө жол берилип калган ( 7б; 10б; 12б; 15б; 18б; 51б; 67б;70б; 95б; 97б; 148б. ж.б.).

5. Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын, илимий жоболорунун колдонушунун практикалык сунуштары кенен жана толук чечмеленип берилбей, кыска түрдө берилип калган.

Бирок, көрсөтүлгөн кемчиликтер жана диссертациянын кол жазмасында орун алып калган мүчүлүштүктор диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына терс таасирин тийгизбейт, алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын жана жоболордун ишенимдүүлүгүн төмөндөтпөйт.

Диссертациянын жана авторефераттын кол жазмасы коюлган талаптардын алкагында, мазмундуу, логикалык ирээтте түшүнүктүү жана жөнөкөй илимий тилде жазылган. Изилдөөнүн корутундуларынын, жыйынтыктарынын жана практикалык сунуштарынын илимий баалулугу негиздүү жана күмөн жаратпайт.

Жогоруда белгиленген ой-пикирлердин негизинде жана диссертациялык изилдөөнүн алдына коюлган милдеттердин толук аткарылышын, англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий - теориялык негиздеринин изилденишин, педагогикалык шарттарынын аныкталышын, моделинин, технологияларынын жана илимий практикалык сунуштарынын эффективдүү жолдорунун иштелип чыгышын эске алуу менен изденүүчү Абдыбекова Нурмира Абдыбековна тарабынан даярдалган **"Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары"** деген темадагы диссертациялык ишин илимий жактан ийгиликтүү жыйынтыкталган, илимий баалулугу жогору, педагогика илимине, дене тарбиянын теориясы менен практикасына кошумча илимий жаңылык кийирген илимий эмгек деп эсептесе болот.

Диссертациянын мазмуну жана даярдалышы **Кыргыз Республикасынын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун" 10 п. талаптарына жооп берет,** ал эми изденүүчү Абдыбекова Нурмира Абдыбековнаны 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны ыйгарууга татыктуу десек болот.

**Расмий оппонент, КТ "Манас" университетинин ДТж-аСЖМ директору, пед. илим. кандид., профессор** К.Ч. Джанузаков

КЕНСЕ

К.Ч. Джанузаковдун пикирин жана колун **"ТАСТЫКТАЙМ"**

**КТ "Манас" университетинин кадрлар башкармалыгынын башчысы** **Вехби Башкапан**

"12" 09 2019-ж.